***РЫСАЛИЕВ РЫСБЕК НУРЛАНОВИЧ***
*1 курс, Кыргызско-Турецкий университет «Манас»*
*Номинация «Шахматы – ключ к дружбе!»*
*Группа «Студенты», г. Талас*
*2022, Март*

«Мен үчүн шахмат эмне»?
Айылдын бир жөнөкөй баласы, бардык эле бүтүрүүчүлөр сыяктуу окууга тапшырып, сапаттуу жана жеткиликтүү билим алып, жакшы жумушка орношуп, ата-энеминдин сыймыктанган уулу болуу кыялымда.
Окуу башталаарына аз гана убакыт калды, айылдагы ата-энем жана жакындарым менен коштошуп, ата-энемдин топтогон акыркы акчаларын алып, эч билбеген борбор калаага жөнөдүм.
Жолдо кетип бара жатып ойлорум миң түргө бөлүндү.
Бир чети борбор калаага окууга барып жатканыма сүйүнүп турсам, бир жагынан ата-энемден алыстаганыма кайгырып турдум. Ошентип бийик-бийик имараттар менен куралган, чаң баскан Бишкектин көчөлөрүн аралап университеттин жатаканасы жакка бет алдым, жатаканага жеткиче бир нече жолу жолумдан адаштым окшойт. Айылдык жөнөкөй бала чоң шаарга келип, эмнени жөндөп билмек эле… Ошентип окуу жайдын жатаканасына дагы келдим, мен окуган университет «Кыргыз-Түрк Манас» университети.
Билсеңиздер керек бул университетте 10 ашык мамлекеттен келген студенттер билим алышат.
Жатаканада мен жашаган бөлмөдө , жалпы алты адам жашайт эле. Баарынан кызыгы эки кыргыз, эки түрк, бир татар, бир казак. Мына эми башталды, бири-бирибиз менен башында сүйлөшө албай , көнө албай жүрдүк. Биз орус тилинде сүйлөсөк алар түшүнбөйт, алар англисче сүйлөсө биз түшүнбөй. Бирок убакыт өткөн сайын биз өз ара байланышып, жакшы мамиледе болуп, ортобузда диалог пайда болду. Албетте тилдик өзгөчөлүктөр бар, бирок биздин дилибиз, тилибиз, тарыхыбыз жана тагдырыбыз бир экенин жакшы билебиз. Башында бири-бирибизге үн катпай, сүйлөшө албай жүргөн болсок бара-бара көнүшүп калдык. Тамаша айтып ойноп калабыз, дасторкондун үстүндө чай үстүндө олтуруп маектешип да калабыз, бул биздин ортобуздагы мамилени бекемдөөгө түрткү болду. Бири-бирибиздин тилибизге кызыгып, биз үчүн жакшы тажрыйба болду. Анткени биз баарыбыз түрк тилдүү элдердин өкүлү болгондуктан тилдерибиз окшош, тил үйрөнүү оңой болуп, бат эле үйрөнө баштадым. Бөлмөдө сүйлөбөгөн, бизге кошулбаган , менин оюм боюнча бир гана жабык адам калды ал - казак. Эмне үчүн экенин билбейм, негедир биз менен сүйлөшчү эмес.
Күндөрдүн биринде столдун үстүндө ак жана ага катар кара болуп тизилген шахматты көрдүм. Бирде мени, бирде шахматты караган казак досум , "кел ойнойлу" дегендей көздөрү менен мени карайт, бирок үнсүз. Мен өзүм демилгечи болуп жанына барып отурдум дагы, сөз сүйлөбөй кара болуп тизилген шахматты ордунан жылдырып ойной баштадым. Ал дагы кезеги келгенде ак өңдүү шахматты ордунан жылдырат. Ошентип оюн кызыгына келип, шахматты ойной баштадык. Көп убакыт ойнобой койгонгобу же тажрыйба аз болгонуна байланыштуубу билбейм бирок бул оюнда мен жеңилдим. Казак досум мени карап жылмайды, сөздү баштайын деп "жакшы ойнойт экенсиз, мыкты" -дедим. Ал жай гана ак жумгал жүзү менен мени карап жылмайды. Көрсө ал сүйлөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган экен. Мен аны билген эмесмин, мен ага боорум ооругандай мамиле кылгым келген жок. Анткени анын эрки күчтүү экен. Бул оюндан

кийин биздин , кызыктуу жана тамашалуу оюндар дагы да кайталанып турду,экөөбүз тез арада эле сүйлөшүп, жакын дос болуп калдык. Биз кокустан эле ойноп калган шахмат оюну, бизге көпүрө болуп берди. Бул күндөн баштап шахмат мен үчүн оюн гана эмес - менин казак досумдун тили болуп берди. Шахматты жакшы өздөштүргөн экен, ар дайым эле утулуп калам, ошол күндөн тарта , бүгүнкү күнгө чейин казак экөөбүз жакын достордон болуп кала бердик.